“Кыздын сыры”

Сөзү: Жакшылыков Асан

Обону: Асанакунов Тарас

Гүл назик бүчүр жайып жашыл,

Жаз демине ачылат.

Кыз назик сүйүп калса эгер,

Махабатын жашырат.

Кусаланып жалгыз ойго чөмүп,

Кай бир кезде ирмем жаш төгүп,

Кыздын сыры, кыздын сыры

Жүрөктө катылат.

Кайырма:

Ак сүйүүгө арга жок,

Ашыктыгым артылат.

Эх, андай зор күчкө,

Адам өзү тартылат.

Сен күткөнүм байкабадың, жаным,

Арзып сүйгөн жүрөктү.

Ал кездеги жүрөгүмө сүйүү,

Махабатым түнөттүм.

Сагынычым улам-улам артып,

Карегимде ыйык нур балкып,

Сен деп гана, сен деп гана

Жашаган күн өттү.

Кайырма:

«Чын сүйүү барбы?» десе, жаным,

Сени дайым ойлоймун.

Кимде ким сүйгөн болсо дагы,

Бактылуу деп болжоймун.

Адамдагы кыял өтө күлүк,

Сүйүү шамы өңдүү бир үмүт.

Ыйык мага, ыйык мага,

Өчүрбөй коргоймун.

Кайырма: